**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №18 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 7-апрели — Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Кадыров К., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М.

**Күн тартиби:**

1. **Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин талапкерлеринин үгүт иштери боюнча материалды кароо боюнча.**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкерлер О.Токторалиева, Г.Мирзакаримовалар талапкер Б.Халматов, Ш.Бегматов, И.Рахимовдордун үгүт материалдарын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузуу менен даярдап, таркатып жатат деп билдирген.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлер Б.Халматов, Ш.Бегматов, И.Рахимовдордон түшүнүк каттарын алып, үгүт материалдар боюнча тиешелүү документтерди алды. Аталган талапкерлер үгүт материалдарын мыйзамдын чегинде, шайлоо фонддорунун каржылоосу менен жасагандыгын билдиришти.

Жогорудагылардын негизинде, үгүт иштеринде Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо” жөнүндөгү Мыйзамынын талаптары аткарылгандыгы белгиленсин деген сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 11,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Б.Халматовдун, Ш.Бегматовдун, И.Рахимовдордун үгүт материалдары Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо” жөнүндөгү Мыйзамынын талаптарын сактоо менен чыгарылгандыгы белгиленсин.
2. О.Токторалиева, Г.Мирзакаримовалардын Б.Халматовдун, Ш.Бегматовдун, И.Рахимовдордун каттоосун жокко чыгаруу талаптарын канааттандыруудан баш тартылсын.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** — **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** — **Ж.Молдожанова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА